# Алиппе майрамы

Мугалим

**Сабактын темасы:** «Алиппем» - өнөр билим ачкычым.

**Сабактын тиби:** оюн, сабак.

**Сабактын максаты:**

1. Билим берүүчүлүк: «Алиппеден» алган билимдерди, үйрөнгөн өнөрлөрүн бышыктайт. «Алиппе» курсун жыйынтыктайт.
2. Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулардын көрком окуусу, чыгармачылык жөндөмдөрү, аткаруучулук чеберчилиги өнүгөт.
3. Тарбия берүүчүлүк: адептүүлүккө, ынтымакка, элдик каада-салттарды сактап баалай билүүгө тарбияланат.

**Сабактын журушу:**

1. Уюштуруу: Сабакка даярдоо. Сабактын темасы менен максатын тааныштыруу.


**М:** Урматтуу ата-энелер, ардактуу эже-агайлар, катышуучулар! Алиппени аяктап жатып, бүгүн 1-а классынын окуучуларынын «Алиппем» - өнөр-билим ачкычым» аттуу тарбиялык саатын өткөнү турабыз.
Бүгүнкү күн – балдар үчүн унутулгус күн, анткени Алиппеден алган билим, өнөрлөрүн тартуулашат.

Күндүз кечке бала менен
Бала менен аралаш
Бир жыл кандай өткөндүгүн
Билбей калдым замандаш.
Кыйын күндөр артта калды
Баары өзү бүткөнсүп
Бүгүнкү күн жетип келди
Бизди көптөн күткөнсүп
Эми балдар үйрөнгөнүн
Көрсөтүүчү убагы
Анда эмесе, ата-энелер
Күбө болуп туралы.



## Саламдашуу:

**Бала:** Саламдашуу сан кылымды карыткан
Салттуу өнөр бизге мурас байыртан
Сантай тизип, сөз берметин тандашып,
Салттуу түрдө салам айтып турушкан.
**Хор:** Ассалоому алейкум
Жалпы журтум аманбы.
Алиппелик майрамды
Биз айталы саламды.
**Кыз:** Меймандар толук келиптир
Баштайлы анда майрамды
Черин жазып кетишсин
Өнөрлөрду таштайлы.
**М:** Силер мектепке келип эң алгачкы колуңарга алып таанышкан китебинер кайсы?
(Хор менен) «Мектеп»
**Бала:** Окуганды жазганды,
Ырдап, жаттап айтканды
Уйрөтту эле «Алиппем»,
Коштошоорго аз калды
**Кыз:** Дайым бирге чогуусуң
Биз кетпейбиз ыраактап
Бир туугандай бир болгон
«Алиппеге» ырахмат.
(Окуучулар хор менен айтышат)
Билимдин бийик баскычы
Көрсөткөн тунук жарчысы
Китептердин төл башы
Алиппем алтын ачкычы.
**М:** Алиппеден тамгаларды таанып окуганды, жазганды үйрөндук.
**Алиппе:** Тамгаларды билсеңер
Мени урматтап жүрсөңөр
Айткылачы угайын
Ар бир тамга ырларын
Ар биринин сырларын
Татынакай бийлерин
Тактап көруп билейин



**Бала:**

Майрамы деп Алиппенин
Ыр алып келдик баарыбыз
Кайсы тамга экенин
Ырларынан тааныңыз.



**Кыз:** Бугун бизде чой майрам
Алиппенин майрамы
Илим, билим өнөрдун
Ушул билем каймагы

**Алиппе:** Окуганды билсенер, кыйынбыз деп журсөңөр.
Ырларды айтып берууга, кимиң даяр келууга
(Тамгалар суйлөшөт).





Аалам, адам деген сөз
А тамгадан башталат
Абийирдуу болуп өссөм деп
Алдыма койдум чон максат.



Б – боломун экинчи
Баарына тынчтык каалаган
Балдарга бакыт кут болуп
Бактыбыз гулдөй жайнаган



Валя мени карагын
В тамгасы баягы
Врач болсом деп журөм
Вера эжемдей мен дагы



Газетаны көп окуйм
Г тамгадан башталат
Гулзат эжем окутат
Гулдөй жайнап өсөмун.



Достук деген кымбат сөз
Д тамгадан башталат.
Достуктун туусун көтөруп
Доктуркан ырдап баратат.



Ж тамгасы желекчен
Жериме тынчтык тилеген.
Жашасын тынчтык тубөлук
Жаркылдап ойноп журөлук.



И тамга ундуу онунчу
Илимдин келет башына
Ишине жарап элимдин
Илимпоз болсом жашымда




Калнура койгон атымды
Кадырман менин ата-энем
Кабатыр болбо мен учун
Каалаган ойго жетемин.



Манас, Мекен дегенде
М тамгасы катышат.
Мени туурап бөбөгум
Мектепке кундө ашыгат.





Ө

«Ө» - тамга жалкоо болбостон
Өзгөчө ишмер элемин
Өнөрлүү болуп чонойсом
Өлкөмө тийсин керегим.



Нан улук тамактан
Нансыз өмүр жашоо жок
Нан кадырын сактайлы
Начар жакка баспайлы.



Суу менен өмүр уланат
Суу менен гулдөйт туш тарап
Суудан тушум мол болот
Санжар абам кубанат.




Урмат, Мурат мен болуп
Бир класста окуйбуз
Улууларды сыйлайбыз,
Уят болуп калбайбыз.



Ферма, форма деген сөз
«Ф» тамгадан башталат
Кофта менен шарф токуп
Фая жежем шаттанат.



Эне тилим кыргыз болуп жаралдым
«Э» тамганы Алипседен карадым.
Эр Манастын биз болобуз урпагы
Элим учун жалын болуп жанамын.





Ыйык тутам ата-эне, эже-агайды
Ырыскылуу Ала-Тоомду, эл жерди.
Ынтымагы «Ы» тамгадан башталат.
Ырым менен таанытамын өзумду.

# Ү

Уку учат тункусун
Кундузу көзу көрбөгөн.
Улуп келет жазында
Улпулдөк сулуу куш экен.



Шарактаган сай суусундай
Шайыр баламын
«Ш» тамганы уйрөткөндө эжебиз.
Шыр эле жаттап алгамын.



Тынчтыкты каалап жалпыга
«Т» тамгасы мен болом.
Тынчтыкта өсуп жыргайлы
Тынчтыктын ырын ырдайлы.

Бала: Алтын китеп Алиппем
Ар кун окуп ачамын
Отуз алты тамгасын
Ойдогудай жаттадым.



Кыз: Бажырайган тамгалар
Баарыбызга жат болду.
Жаркыраган заманда
Башыбызга бак конду.

Бала, кыз (хор менен) Алиппебиз суйуктуу
Ачып берди ак жолду.



Хор «Алиппе»

М: Алипперден тыбыш, тамгаларды, жазганды, эсептегенди уйрөндук.

**Тыбыш деген эмне?** (8 кыска ундуу, 6 созулма)

**Тамга деген эмне?** (12 жумшак унсуз, 10 каткалаң унсуз, 4 йот.тамга, 2- ь,ъ билдирген тамга)

М: Биз Алиппеден математика сабагын да уйрөндук, азыр биз математикадан тапшырмаларды аткарабыз.

Мугалим жөнундө дикломация.

Хор «Мектебим»

Таттуу экен Мекеним
Татынакай мектебим
Тарбияңды уйрөнуп (ай)
Таалай гулу экенмин.

Билим гулу сепкениң
Билим алтын мектебим
Ата-энемден артыкча
Айткан акыл кептериң.

Бала: Тал чыбыктай буралышып бийлеген,
Бий өнөрун эжесинен уйрөнгөн.
Бойго жетсе бийчи болот буюрса,
Талантыңды ачып берчи бий менен

Кыз: Кылактап кыймыл ийлешет
Кыздар азыр «Чыгыш» бийин бийлешет.





М: Айлап айтса тугөнгус
Манас деген казына
Кудай берген шык болсо
Карабайт кары-жашына
(Манасчыларга кезек берели)

Бала: Маңызын сөздун терели
Макалга кезек берели
(Макал айтышат)

Билимди сатып албайт, казып алат
Сылык болмок сөзуңдөн
Жакшы болмок өзуңдөн
Акыл баштан чыгат
Асыл таштан чыгат
Жакшы окуучу мектепке шашат
Жаман окуучу мектептен качат.
Дарактын көрку мөмө
Уйдун көрку эне.
Ата-эне бактысы балада
Бала бактысы ата-эне
Ата Журтуң – Алтын бешигиң
Эр айланып элин табат
Туулган жердин топурагы – алтын
Баатыр элден чыгат
Алтын жерден чыгат



М: Биздин окуучулардан да эл коргогон баатырлар чыгат.

**Хор балдар «Жоокер ыры».**

Элимдин бейпилдигин
Намыска бек сактаймын
Энеке, ак сутунду
Эл коргоп мен актаймын.

Эр жигит эл четинде
Азамат жоо бетинде
Алыста кыргыз элим
Ар дайым сезимимде

Кутмандуу чек арамды
Душманга аралатпайм
Атаке сөзум берем
Жузунду жер каратпайм



М: «Мекенди коргойбуз» деген жоокер боло турган жигиттерге жооп кылып биздин кыздар «Байчи» ырды аткарып беришет.

М: Мээримдуу, элпек бололу
Эселек атка конбойлу
Эне-атаны салбай убайга
Эстуу жан болуп өсөлу

«Кандай бала мээримдуу, кандай бала мээримсиз» накыл сөздөрду айталы.
Асыл-насаат сөздөрду андап билсе мээримдуу бала.
Тынч олтурбай сабакта, тентек болуп ал өссө мээримсиз бала.
Таза-тыкан кийинип улууларга жолукса, салам берген мээримдуу бала.
Улуулардын алдында калжаң-кулжаң суйлөсө мээримсиз бала.
Улууларды урматтап жургөн бала мээримдуу бала.
Мугалимдин айтканын, ан-сезимге туйбөсө андай бала мээримсиз бала.

Табышмак болугу.



Кыз: Тап-тап табышмак
Таппаса жаак карышмак
Тапанданып мына азыр.
Табышкерлер жарышмак.

Адаты бар маалым
Керме жиптен тушпөгөн
Ачмайынча жаагын
Тиштегени тиштеген (к.кыпч.)

Башы кунду ээрчиме
Төлун багат бетине. (кун карама)



Жерден жик чыкты
Эки кулагы тик чыкты (жугөру)

Тепселип жерден туулган камыш сабак
Ченгелдуу таманынан тамактанат
Кучактап жылуу ороп кабат-кабат
Капырай көлсуз туруп бала багат. (жугөру)

Суу ичпейт, жем жебейт,
Каалаашыңча минесин.
Чарчабай да, тердебейт. (велосипед)



Бышырса – аш болот.
Бышырбаса – куш болот. (жумуртка)

М: Тал чыбыктай буралышып бийлеген
Бий өнөрун мектебинен уйрөнгөн
Талантыңды ачып берчи
Кыргыз бийи менен (кыздар)

**Хор:** «Путь всегда будет солнце»
**Бий, ыр «Кара жорго»**
**Муг:** Бизге бардык нерсени китеп жана мугалим уйрөтөт. Анда эмесе китеп жөнундө, мугалим жөнундө ырлардан айтып берели.
**Бала:** Китеп – билим булагы
Китеп – билим чырагы
Бардык бала мектепте
Китеп тилин угалы.
**Кыз:** Китепти суй, баркын би
Кирдебесин бир чети
Сыя төгуп булгабай
Таза сакта китепти






**Муг:** Билгенин жашырып ка
Билимге умтулсаң мактайт
Бул кандай мээримдуу адам
Бир бала табат, бир бала таппайт.
**Окуучулар:** хор менен – мугалим
**Бала:** Биринчи ирет А деп тамга уйрөткөн
Билим берип илим жөнундө суйлөткөн
Саяпкердин саяпкери мугалим
Сан миндеген жарык жолду көрсөткөн
**Кыз:** Колума калем сапты кошо кармап
Тамгаларды жаздырып көрсөтуучу
Учкун деп келечекке канат жалгап
Өзундө болгондорду уйрөтуучу
**Хор менен:** Ал мугалим эжем
Суудай тунук теренсин
Жердей калын кененсин
Аттандырган чон жолго
Мектептеги энемсиң.



Окуганда талыкпай
Мектеп берет бут таалим
Кундөн тушкөн жарыктай
Кутуп алган мугалим
**Хор менен: Эжелерге, агайларга ырахмат![2]**

Адаты бар маалым
Керме жиптен тушпөгөн
Ачмайынча жаагын
Тиштегени тиштеген **(к.кыпч.)**

Башы кунду ээрчиме
Төлун багат бетине **(кун карама)**

Жерден жик чыкты
Эки кулагы тик чыкты **(жугөру)**

Тепселип жерден туулган камыш сабак
Чengелдуу таманынан тамактанат
Кучактап жылуу ороп кабат-кабат
Капырай колсуз туруп бала багат **(жугөру)**

Суу ичпейт, жем жебейт,
Каалашынча минесин
Чарчабайт да, тердебейт **(велосипед)**

Бышырса – аш болот,
Бышырбаса – куш болот. **(жумуртка)**



**М:** Тал чыбыктай буралышып бийлеген
Бий өнөрун мектебинен уйрөнгөн
Талантыңды ачып берчи
кыргыз бийи менен
(кыздар)

**Жеке ыр: «Апакем»**

**Бала:** Тез ойлонуп, бат суйлөп
Жаактарын жанышат
Бирөө суроо беришсе
Бири жооп табышат.

**2 окуучу:**

**1-окуучу:** Салыштырып кана **айтчы**
Кун менен Ай демекчи

**2-окуучу:** Кунуң болсо атакең
Айың апаң эмеспи.

**1-окуучу:** Бут баардыгын багат го
Айтып көрчу бул эмне?

**2-окуучу:** Жанылбаймын дегеле
Бут тойгузат жер-эне.

**1-окуучу:** Кыйынсын го балекет.
Суунун башы эмне?

**2-окуучу:** Туптунук болуп турат да
Суунун башы булакта.

**1-окуучу:** Даамдуу болот абыдан
Эмне улук баарынан?

**2-окуучу:** Тынбай жейсиң жулунуп
Баарынан нан улук.

**Чогуу:** Аздыр көптур суроо-жооп
Сөз маанисин улаштык
Тушунугу кандай деп
Бир аз, бир аз сынаштык **(бирин-бири карап)**

**Муг:** Апаларыбыз жөнүндө ыр айтып берели.
Ак шейшепке ороп сени
Кичинеңден баккан ким?
А – пам
Уй көрбөй, узун түндө,
Таптап сени жаткан ким?
А – пам
Сутун берип, суйуп, ийип
Эркелетип кулгөн ким?
А – пам
Кечке колдон тушурбөстөн
Кешигим деп жургөн ким?
А – пам
Бутун шилтеп талпынганда
Колдон кармап баскан ким?
А – пам
Тилин чыгып суйлөгөндө
Мээримдуу сөз айткан ким?
А – пам

**Бала:** Суйкумдуусун баарынан
Кетким келбейт жанындан
Айткан кебин угайын
Дайым көңул бурайын
**Кыз:** Мээримиңе канамын
Мен адептуу баламын
Апакемди суйөмун
Асылым деп журөмун.



**Хор: «Кун балдары»**
Кун балдары жемиш келет
Тептегерек сапсары
Аппак таңда бой тузөлуп
Кунду кутө баштады
Эн алгачкы мурун кундө
Ошолорго арнады
Ар бир бала бул дуйнөдө
Апасынын ардагы
Ар бир бала бул дуйнөдө
Атасынын ардагы
Ошондо да кун нурунун
Жаркын турду маанайы
Ар бир бала бул дуйнөдө
Апасынын ардагы
Ар бир бала бул дуйнөдө
Атасынын ардагы

**Алиппе:** Эне тилди силерге тааныштыра кетейин. Окугула урматтап, чиймелебей беттерин кош болгула кетейин.

**Муг:** «Алиппеге» арналган ырларыбызды айтып берели.

Мен сабатсыз эмесмин.
Сабаттууга теңештим
Эми бардык китептен
Окуп берчи дебесмин.
Окуу жайын тушундум
Алиппени бутурдум
Алиппенин майрамын
Ар кун сайын кутундум.
Ата-энедей досубуз
Алиппебиз кошуңуз
Эмки жылы инимдин
Кыйбас досу болуңуз.
Кош бол, Алиппе![2] (Алиппе чыгып кетет, кол булгалашат)




**Эне тил:** Силерге берер белегим
Мына менмин Эне тил
Кир кылбай окуп билим ал
Баарына тиет керегим.

Балдар мен силерге Байдылда Сарногоевдин «Эне тилим» деген ырын окуп берейин.

Эне тилин билбеген
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин суйбөгөн
Элин суйуп жарытпайт.
Орус тили жылдыз да
Биздин жыргал турмушта
Бирок кыргыз кыргызча
Суйлөгөну дурус да.



**Муг:** Балдар биз Алиппеден башка да орус тили сабагынан да көп сөздөрду уйрөндук, азыр «сөздук оюн» айтып берели.

| | |
|---|---|
| Язык – тил | Выходи – чык |
| Знай – бил | Слушай – ук |
| Где – кана | Белый – ак |
| Вот – мына | Синий – кок |
| Отец – ата | Хлеб – нан |
| Мать – апа | Кровь – кан |
| Сахар – кант | Глаза – коз |
| Клятва – ант | Слово – сөз |
| Урок – сабак | Книга – китеп |
| Тарелка – табак | Школа – мектеп. |

**Кыз:** Каткырганда көкурөгу жарылат
Кайсалактап айта албай жаңылат
Акылы тунук уул-кызы кыргызымдын
Токтолбостон айтып берчи жаңылмач.

Алаканда балапан
Балапанга алакан
Кенен кесир талаадай
Көрунгөнун карасан.

Суу боюнда дарак өсөт
Сууну дайым карап өсөт
Сулуу чачын тарап өсөт
Суусуз калса аран өсөт.

Токол музоо сузөнөөк
Моюнчасын узөнөөк
Сузөнөөк, сузөнөөк
Байлап салдык учөөлөп.

Ак мончок, көк мончок
Аябай көп мончок
Көп мончок ичинде
Көгултур кок мончок.

Былкы, былкы, былкы таш
Былкылдаган кызыл таш
Таар токум тайгак таш
Тайгаланба кара таш.

**Муг:** Балдар, биз «Алиппе» китебинен жомокторду да окуп уйрөнуп, билебиз. Кана кандай жомокторду билебиз. Айткылачы?

**Окуучулар:** (кайсы жомокту өткөндрун айтышат)
(Жомоктон узунду аткарат).

**Муг:** Азаматсынар балдар, эн жакшы аткардынар. Булардын барын айтып аткарып беруунөргө кимдер жардам беришти?

**Окуучулар:** Мугалим, ата-энебиз, «Алиппе» китебибиз.

**Муг:** Туура айтасынар, мугалим, ата-эне, «Алиппе» китебинер. Анда «Алиппе» китебине жалпы ырахмат айталы.

**Окуучулар:** Ырахмат «Алиппе».

«Алиппе» Балдар, мага ыраазы болгонуңарга кубанам. Мени окуп уйрөнуудө өзунөр жакшы катыштынар, аракет кылдынар. Эми менин ишимди улантуучу китепти силерге тааныштыра кетейин. Жана [illegible] көргулөчу (китепти көрсөтөт).

**Окуучулар:** Эне тил, Адабий окуу.

(Эне тил кирип учурушат).

Апалар бизге кандай камкордук кылат? Бизди кандай суйгөндугу жөнундө класстер тузөбуз.
**Муг:** Биз**дин** кайгы-капасыз жашап, билим алышыбыз учун дуйнөдө тынчтык болуп, Кыргызстаныбыз гулдөп өсушу керек. Ошондуктан, биз бугунку «Алиппем» өнөр-билим ачкычым» аттуу тарбия саатыбызды «Кыргызстан» деген ыр менен аяктайбыз.

Мен – кыргызмын, сатылбаган, сатпаган
Мен – кыргызмын, баба наркын сактаган
Ата-Журтка жасагам деп бир эмгек
Ар кун сайын «Чон казатка» аттанам.
Мен – кыргызмын тугөнөөрдө тутпөгөн!
Мен – кыргызмын тарыхым бар тилим бар,
Мезгилдерден ой чункурун тузөгөн.
Мен- кыргызмын, жөнөкөймун, улуумун!
Мертинтпеген эчен азап улуу мун.
Кылымдарга улап кетер эл көчун
Кыргызмын мен эр Манаска муунмун!

**Хор: «Ата Мекеним»** М.Атабеков

